УДК: 371: 37.01 (575.2) (04)

Мурзаев М.С.
*Кыргыз Билим берүү академиясы*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖОЖдорунда БОЛОЧОК ПЕДАГОГДОРДУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада болочок педагогдордун психологиялык компетенцияларын калыптандыруу маселелери каралып, Кыргызстандын педагогикалык ЖОЖдорунда психологиялык дисциплиналарды кыргыз тилинде окутуунун абалы, өзгөчөлүктөрү жана андагы көйгөйлүү маселелер ачыкталып, аларды жоюу багытында автордун сунуштары берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогдор, психикалык компетенциялар, коммуникациялык компетенциялар, коммуникациялык компетенцияларды калыптандыруу, психологиялык дисциплиналар, психологиялык дисциплиналарды кыргыз тилинде окутуу маселелери.*

*В статье рассматриваются проблемы формирования психологических компетенций у будущих педагогов в педагогических вузах Кыргызстана, состояние преподавания психологических дисциплин на кыргызском языке, ее особенности и предложены решения имеющихся проблем в преподавании психологических дисциплин на кыргызском языке.*

***Ключевые слова:*** *педагоги, психические компетенции,коммуникативные компетенций, формирование коммуникативных компетенции, психологические дисциплины, преподавание психологических дисциплин на кыргызском языке.*

*The article deals with the problems of forming psychological competencies in future teachers in pedagogical institutions of Kyrgyzstan, the state of teaching of psychological disciplines in Kyrgyz language, and its peculiarities, proposed solutions to existing problems in teaching of psychological disciplines in Kyrgyz language.*

***Key words:*** *teachers, psychical competenses, communicative competencies, formation of communicative competencies, psychological disciplines, teaching of psychological disciplines in Kyrgyz language.*

Ар бир кесип адамдан белгилүү сапаттарга ээ болууну талап кылат. Адам кесипте ийгиликтүү иштөөгө дараметтүү болсо (акылы терен, билими жетик ж.б.), кесипти аткарууга тиешелүү сапаттарга ээ болсо гана ошол кесипте ийгилик жаратат.

Билим берүүнүн учурдагы өнүгүү концепциясы окуучулардын кандайдыр бир билимдин суммасын өздөштүрүүгө гана басым жасабастан, ал билимдерди өзүнүн инсандык сапаттарына, таанып-билүү жана жаратуучулук жөндөмдүүлүгүнө айландырууну, кесипкөй катары калыптанууну талап кылат.

Азыркы кезде республикабыздын жогорку окуу жайларынын алдында жогорку сапаттагы даярдыгы бар, өз кесибинде чыгармачылык менен иштей ала турган, өз кесиби боюнча конкуренцияга туруштук бере алчу чебер адистерди жетик инсан катары даярдоо милдети турат.

Педагогикалык билим берүүнүн максаты болуп башкалардан маалыматтарды жана түшүнүктөрдү практика жүзүндө кабыл алуусунун аркасында кандайдыр бир натыйжага ээ болуусу эсептелет. ЖОЖдо билим берүүнүн максаты болочок педагогдорду кесиптик жактан даярдоо болуп саналат.

ЖОЖдо болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо психология боюнча окутулуучу сабактардын топтому өзгөчө орунда турат. Анткени ишмердик аткаруу процессинде адамдын инсандык жана кесиптик касиеттери көрүнөт. Адамдын педагогикалык ишмердикти жакшы аткаруусу анын психологиялык жактан даярдыгына жараша өзгөчөлүктөргө ээ болот. Мына ошондуктан окутуу жана тарбия процессинде педагог менен окуучу биргелешкен ишмердиктерди аткаруу процессинде педагогдун адамдын психологиясын билүүсү, психологиялык компетенцияларга ээ болушу зарыл болуп саналат.

Психологиялык компетенциялар - айрыкча, педагогдор үчүн өтө зарыл сапаттар топтому. Анткени педагог балдар менен иштегендиктен, алар менен карым-катыш жасоону, алардын окуу ишмердигин жетектөөнү ж.б. билиши, балдардын жаш курагына жараша мамиле жасап, алардын ишмердигин уюштура билиши шарт. Ошондон болочок педагогдорду даярдоодо психологиялык дисциплиналарды окутууда инсан табияты, инсандын жекече өзгөчөлүктөрү жана анын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү, адамдын акыл жагынан өнүгүш өзгөчөлүктөрү психология сабактарында үйрөтүлөт. Ошондон улам ЖОЖдун педагогикалык адистикте окуган студенттерди (болочок мугалимдерди жана тарбиячыларды) адис катары даярдоодо психология боюнча сабактардын циклин окутууга өзгөчө көңүл бурулат. Мисалы: социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө ээ болуу болочок педагогдорду окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер ж.б. менен ийгиликтүү мамилелешүүгө мүмкүндүк жаратат.

Психология сабактарында үйрөтүлүүчү адамдын ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн мугалим үйрөнбөй туруп, ар башка курактык өзгөчөлүктөгү балдардын психикалык өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп, балдарга билим жана тарбия берүүгө, алардын акыл жагынан жана инсан катары өсүп өнүгүшүн жетектөө (башкаруу) мүмкүн эмес.

Айрыкча, азыркы маалымат технологияларынын өнүгүшүнөн адамдардын ортосундагы коммуникация, карым-катыш күчөгөн кезде педагогдор психологиялык билими жагынан компетенттүү (адамдардын психологиясын билүү, командада иштей алуу, адамды уга билүү, адамдар менен карым-катыш түзө алуу жана чын көңүлдөн сүйлөшө билүү ж.б.) болушу зарыл. Мисалга алсак, болочок педагогдорду компетенттүү кесип ээси катары даярдоодо коммуникациялык компетенцияларды калыптандыруунун маниси чоң.

Педагогикалык адистерди даярдоочу ЖОЖдордо психология боюнча «Психология» («Жалпы психология», «Адам психологиясы»), «Жаш курак жана педагогикалык психология», «Социалдык психология» ж.б. сабактар окутулат.

Болочок мугалим психологиялык дисциплиналарды үйрөнүү аркылуу гана адам табиятын (психикасы жана анын процесстери, кубулуштары ж.б.), инсан табиятын, инсандын жекече өзгөчөлүктөрүн жана анын калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнөт. Ошондой эле балдардын психикалык жактан өнүгүшүнүн шарттарын, факторлорун, мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнүп, аларды окутуу жана тарбия процесстеринде колдонууну (класстты башкаруу, класс ичиндеги мамилени жөнгө салуу, педагогикалык жана психологиялык туура чечим кабыл алуу ж.б.) үйрөнөт.

ЖОЖдун студенттерине психологиялык билимдерди берүү аркылуу гана алардын жалпы адамдык, кесиптик жана психологиялык маданиятын өстүрүүгө болот. Мугалимди мугалим кылып турган факторлордун бири болуп анын психологиялык билими, көндүмү, билгичтиги, маданияты саналат жана алар төмөнкүлөрдөн көрүнөт:

- мугалим, эң биринчи кезекте, башка адамды, айрыкча, окуучуну туура кабылдоого, түшүнө билүүгө үйрөнүшү керек;
- окуучулардын психикалык жана эмоциялык абалын эске алуу менен, алардын жекече өзгөчөлүктөрүн көнүлгө тутуп мамиле жасай билүү, аларды башкаруу көндүмдөрүнө, билгичтиктерине ээ болушу шарт;
- окуучуларга психологиялык жактан таасир этүүнү билиши зарыл, ансыз мугалим өзүнө жүктөлгөн (окутуу жана тарбия берүү) вазипаны аткара албайт.
- өзүн башкара алуу жана жүрүм-турумун, аркетин көзөмөлдөй алуу ж.б. көндүмдөрүнө, билгичтиктерине ээ болуусу зарыл.

Болочок педагогдордо психологиялык билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу аркылуу бүгүнкү күндүн талабына ылайык келген денгээлдеги педагогдорду даярдоого жетишүү үчүн кыргыз тилинде психологиялык дисциплиналарды окутууну жакшыртуу зарыл иштерден болуп саналат.

Кыргызстандын ЖОЖдорунда болочок педагогдордун психологиялык компетенцияларын калыптандыруу жаатында көйгөйлүү маселелер бар. Алар төмөнкүдөй себептер менен байланыштуу:

1. Психология боюнча кыргыз тилинде окуу китептеринин жокко эселиги, жетишсиздиги. Психология боюнча окуу китептер дээрлик орус тилинде болгондуктан, ЖОЖдордо орус тилдүү студенттер орус тилиндеги адабияттарды, айрым англис тилдүү кыргыздар англис тилиндеги психологиялык китептерди пайдалангандыгын эсепке албаганда, психология боюнча окуу китептердин жетишсиздиги кыргыз тилинде окуган студенттерге психология дарстарын үйрөнүүдө көптөгөн кыйынчылыктарды жаратат. Ал эми европалык (орус) группанын студенттери андай кыйынчылыктарга дуушарланбайт.

2. Психология боюнча окуу китептердин, адабияттардын жоктугунан, жетишсиздигинен педагогикалык ЖОЖдордо кыргыз тилинде психологияны окутуу өз өзгөчөлүктөрүнө ээ (айрым окутуучулардын диктовкалап лекция жаздырууга басым жасоосу, студенттерге өтө аз өлчөмдөгү окуу материалдарын берүүсү; орус тилиндеги адабияттарды пайдалана албаган көпчүлүк студенттердин окутуучунун лекциясы менен гана чектелип калышы жалпысынан кыргыз тилдүү студенттердин психологияны терен үйрөнбөй калышына ж.б.у.с. алып келүүдө).

3. Кыргыз тилинде психология боюнча дарстар Совет мезгилинен баштап педагогикалык адистерди даярдоочу университеттерде, институттарда жана атайын педагогикалык кесиптик билим берүүчү орто окуу жайларда такай окутулуп келе жаткандыгына карабастан, психологияны кыргыз тилинде окутуунун абалы, көйгөйлүү маселелери жана аны жакшыртуунун перспективалары кыргыз окумуштуулары тарабынан бир да жолу атайын изилдөөгө алына элек.

Бүгүнкү күндө билим берүү компетенттүүлүк мамиленин негизинде жүргүзүлгөндүгүн эске алып, ЖОЖдордо психология сабактарын кыргызча окутуунун денгээлин жогору көтөрүү үчүн төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:

1. Билим берүү стандартынын негизинде республикабыздын жалпы ЖОЖдору үчүн кыргыз тилинде психология боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын даярдоо жана аны билим берүү министрлигинин чечими менен бирдиктүү окуу программасына айлантуу кечиктирилгис иштерден болуп саналат.

2. Психология боюнча кыргыз тилиндеги терминдерди тактоонун мааниси чон. Азыркы күнгө чейин кыргыз тилиндеги психологиялык терминдер тактала элек. Аны колго алу– кечиктирилгис иштердин бири. Анткени психологиялык терминдерди колдонууда башаламандык көп. М: бир эле орусча «чувства» термини, кыргызча «сезим», «туюу» терминдери менен берилип жүрөт ж.б.у.с. Мына ошондуктан ЖОЖдо окутулуучу жалпы, жаш курак, педагогикалык, социалдык, этнопсихология жана балдар психологиясы боюнча терминдердин кыргызча түшүндүрмө сөздүгүн даярдап, студенттердин колуна берүү эң актуалдуу иштерден болуп саналат. Мындай түшүндүрмө сөздүк психология боюнча кыргыз тилинде келечекте жазылуучу окуу китептердин, окуу куралдардын жана усулдук колдонмолордун авторлоруна таяныч кызматын аткаруу менен бирге ЖОЖдун студенттеринин психологиялык сабактарды терең өздөштүрүүсүнө эң керектүү окуу куралынын кызматын аткарат.

3. Республикабызда улуттук чыр-чатактардын алдын алуу максатында болочок педагогдорго «Этнопсихология» курсун окутуу зарыл. Психология дисциплиналары боюнча жаныдан даярдалуучу окуу программаларында, окуу китептеринде улуттук менталитетти, дүйнө таанымды жана улуттук психологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу студенттердин психологиялык билимдерди терен өздөштүрүүсүнө, өзүнүн этникалык өзгөчөлүктөрүн андап билүүсүнө жана жалпы эле республикабызда этностор аралык мамилелерди жакшыртууга оң таасирин тийгизет.

Жыйынтык

Педагог окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө негизделип биргелешкен окуу-тарбия ишмердиктерди уюштуруу аркылуу окуу, тарбия процессинин натыйжалуу болушун камсыздайт.

Мугалим психологиялык билимдер аркылуу гана балдардын психикалык жактан өнүгүшүнүн шарттарын, факторлорун, мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнөт жана аларды өз ишинде колдонуу аркылуу өзүнүн кесиптик ишмердигинин натыйжалуу аткарат.

Жогорку окуу жайлардын ар бир окутуучусу өзү окуткан илимдин тармагы боюнча мыкты адис болуу менен бирге педагогикалык чеберчилиги жогору да болууга тийиш. Ал үчүн педагогикалык жана психологиялык дисциплиналарды терең өздөштүрүүсү зарыл. Ошондо гана жогорку окуу жайлар республиканын экономикалык, социалдык жана маданият жагынан дүркүрөп өнүгүшүнө өз салымын кошо ала турган педагог адистерди даярдап чыгарат.

Психологиялык билимдерге, көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ болгон мугалимдер гана окуучуларга билим жана тарбия берүүдө жогорку натыйжаларга, аларды акыл жагынан жана инсан катары өсүп өнүгүшүн жетектөөгө (башкарууга) жетишет.